**УДК: 657.26**

**ХУСАИНОВА Э. Ю., РЫСАЛИЕВА Б. Б.**
*Кыргыз – Казак Университети*
**ОРОЗОНОВА А.А., АКМАТОВА А.И.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**ХУСАИНОВА Э.Ю., РЫСАЛИЕВА Б.Б.**
*Кыргызско – Казахский Университет*
**ОРОЗОНОВА А. А., АКМАТОВА А. И.**
*КНУ им Ж. Баласагына*
**KHUSAINOVA E. YU., RYSALIEVA B.B.**
*KKU*
**OROZONOVA A. A., AKMATOVA A. I.**
*J. Balasagyn KNU*

# Проблемы государственного аудита в Кыргызской Республике
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК АУДИТТИН КӨЙГӨЙЛӨРҮ
# Problems of government audit in the Kyrgyz Republic

***Аннотация.*** Статья посвящена вопросам становления государственного аудита в Кыргызской Республике. Рассматривается суть понятия «аудит» в кыргызском законодательстве, а также возникновение термина «государственный аудит». Анализируется специфика государственного аудита в финансовой сфере.

***Аннотация.*** Макала Кыргыз Республикасында мамлекеттик аудиттин түзүү маселелерине арналган. Кыргыз мыйзамдарындагы «аудит» түшүнүгүнүн маңызы, ошондой эле «мамлекеттик аудит» терминини пайда болушу каралат. Финансы чөйрөсүндөгү мамлекеттик аудиттин өзгөчөлүгү талдоого алынган.

***Abstract.*** The article is devoted to the issues of the formation of state audit in the Kyrgyz Republic. The essence of the concept of "audit" in the Kyrgyz legislation, as well as the emergence of the term "state audit" is considered. The specificity of state audit in the financial sphere is analyzed.

***Ключевые слова:*** аудит; государственный аудит; государственное управление.

***Негизги сөздөр:*** аудит; мамлекеттик аудит; мамлекеттик башкаруу.

***Key words:*** audit; state audit; public administration.

Мамлекеттик аудит проблемасы Кыргыз экономикасындагы көйгөйлөрдүн бүтүндөй комплексин камтыйт. Ушул убакка чейин мамлекеттик жөнгө салуунун айрым механизмдерин комплекстүү изилдөөлөр өтө чектелген масштабда жүргүзүлүп келген. Ошол эле учурда көптөгөн өлкөлөрдө мамлекеттик аудит коомдун реалдуу кызыкчылыктарынын негизги элементтеринин бири болуп саналат.

2004-жылдын 13-августундагы №117 «Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы жөнүндө» жаңы мыйзамдын күчүнө киришине байланыштуу Кыргызстандын каржы илиминде «мамлекеттик аудит» деген жаңы түшүнүк пайда болду.

Мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилгендигинин негизинде, 2007-жылдын 4-июнундагы № 77, 2008-жылдын 7-июлундагы № 139, 2008-жылдын 21-июлундагы № 163, 2008-жылдын 15-октябрындагы № 213, 2009-жылдын 26-январындагы № 26, 2011-жылдын 18-февралы № 2, 2011-жылдын 14-июлундагы № 100, 2012-жылдын 14-майы № 53, 2013-жылдын 19-июлундагы № 152, 2014-жылдын 18-февралы № 30, 2016-жылдын 16-декабрындагы № 207 мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик аудит — аудит бюнча мамлекеттик бийлик органынын мамлекеттик ресурстарды (финансалык, материалдык ж.б.) башкаруу боюнча ишмердиги, анын максаты мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун эффективдүүлүгү, финансылык отчет түзүүнүн жана бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн тууралыгы, финансылык тартипти бузуулардын алдын алуу болуп эсептелет.

Мыйзамдын жоболоруна таянсак, мамлекеттик аудиттин максаты мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү натыйжалуу пайдалануу, финансылык отчеттуулукту жана бухгалтердик эсепти ишенимдүү түзүү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган финансылык тартипти бузууга жол бербөө болуп санаса болот.

Контролдун жардамы менен башкаруу органдары иштин реалдуу абалы жөнүндө маалымат алышат жана ошого жараша финансылык жоготууларга жана дагы финансылык мыйзамдардын бузулушуна жол бербөө максатында өз иштерине өз убагында оңдоолорду киргизүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Мына ошентип бүгүнкү күндө текшерүү мамлекеттик аппараттын ишинде закондуулуктун сакталышын камсыз кылуунун маанилүү жана зарыл укуктук каражаттарынын бири болуп саналат деген тыянак чыгарсак болот.

Ички аудит - ички контроль системасынын адекваттуулугун жана натыйжалуулугун, финансылык жана башкаруу маалыматтарынын ишенимдүүлүгүн жана тактыгын, операциялардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышына талдоону, баалоону жана мониторингтерди жүргүзүүнү өзүнө камтыган ички аудит объектисинин ичинде аткарылуучу көз карандысыз жана калыс функция.

| Бузуулардын түрү | 2016 ж. | 2017 ж. | 2018 ж. | 2019 ж. |
|---|---|---|---|---|

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 1996-жылдын октябрында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1992-жылдын 6-мартындагы токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Контролдоо палатасы жөнүндө” мыйзамына ылайык алгачкы түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Контролдоо палатасынын мураскери катары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 1996-жылдын 19-октябрында кабыл алынган №55 “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы” жөнүндө мыйзамдын негизинде түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын 2016-2019-жылдардагы иши жөнүндө отчетун анализдеп көрөлү. Бул отчетто «Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын Кеңеши тарабынан бекитилген.

Таблица 1.

2016-2019-жж. аудитордук иш-чаралардын жалпы жыйынтыгы.

*(млн. сом)* [3]





Диаграмма 1. 2020-ж. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш объектилери

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| Каржы бузуулары | | | | |
| Аныкталган | 2638,1 | 2153,7 | 2 321,9 | 1 525,7 |
| Кайтарылууга тийиш | 1438,4 | 758,9 | 1 621,5 | 946,9 |
| Кайтарылган | 1114,2 | 434,5 | 1 405,2 | 538,1 |
| Резервдер жана бюджеттин жоготуулары | | | | |
| Аныкталган | 13 239,3 | 9471,8 | 13 236,6 | 4 961,0 |
| Кайтарылууга тийиш | * | 1699,7 | 1 791,5 | 1 689,4 |
| Кайтарылган | 1926,9 | 1450,1 | 991,9 | 247,8 |
| Каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу | | | | |
| Аныкталган | 868,3 | 351 | 800,3 | 1 647,4 |
| Кайтарылууга тийиш | * | 135,5 | 80,8 | 169,8 |
| Кайтарылган | 151,5 | 27,3 | 59,9 | 44,3 |
| Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузуулары | | | | |
| Аныкталган | - | - | 199,8 | 324,3 |
| Кайтарылууга тийиш | - | - | 67,7 | 257,4 |
| Кайтарылган | - | - | 19,3 | 170,0 |

**Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын маалыматтарынын негизинде авторлор тарабынан түзүлгөн*

Маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, талдоого алынган 2019 ж. мезгил ичинде жалпысынан аныкталган мыйзам бузуулардын жалпы суммасынан 3063,5 млн сом орду толтурулууга тийиш, анын 1000,2 миллион сому компенсацияланган ал эми калыбына келтирүү 32,6 процентти түздү.

Таблица 2. Каржы бузууларынын түрлөрү боюнча (млн. сомдо) [2]

| Көрсөткүч | Сумма | %да |
|---|---|---|
| Дебитордук жана ашырылган кредиттик карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 551,9 | 36,17 |
| Каражаттарды максатсыз пайдалануу | 422,2 | 27,67 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 246,4 | 16,15 |
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 121,4 | 7,96 |
| Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 63,3 | 4,15 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 60,6 | 3,97 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 21,3 | 1,40 |
| Акча каражатарынын жана материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу жана уурдалышы | 10,7 | 0,70 |
| Каржылоо булактары жок туруп, бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 19,3 | 1,26 |

| | | |
|---|---|---|
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 4,5 | 0,29 |
| Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар | 3,2 | 0,21 |
| Бардыгы | 1 525,7 | 100 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, каржы бузуулардын жалпы суммасында 36,1% «Дебитордук жана ашырылган кредиттик карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар» сыяктуу бузуулар түрү боюнча 551,9 миллион сомду түзгөн.

Жалпы суммада (551,9 млн. сом) 76,8%га жакыны «Электр станциялары» ААКсына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча (424,1 млн. сом) аныкталган. Алсак, 01.01.2019-жылга карата «Электр станциялары» ААКтын балансында сырткары бөлүштүрүүчү энергетикалык компанияларга (БЭК) 424,1 млн. сом суммасында тууму эсептелген, анын ичинен: «Түндүк электр» ААК - 270,3 млн сом, «Чыгыш электр» ААК - 94,7 млн сом, ААК «Ошэлектро» - 59,1 млн сом. [1]

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик аудитти натыйжалуу ишке ашыруу бир катар көйгөйлөр менен байланышкан, аларды төмөнкү топторго бөлүүгө болот (2-сүрөттү караңыз).




2-сүрөт – Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик аудиттин көйгөйлөрүнүн топтору.

Корутундулар. Изилдөөнүн негизинде мамлекеттик аудит деген тыянак чыгарууга болот. Бул мамлекеттик бийлик органынын мамлекеттик ресурстарды (финансалык, материалдык ж.б.) башкаруу боюнча ишмердиги, анын максаты мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун эффективдүүлүгү, финансылык отчет тузүүнүн жана бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн тууралыгы, финансылык тартипти бузуулардын алдын алуу болуп эсептелет. Ал эми эл аудитин адекваттуулугунун жана натыйжалуулугунун күтөт.

***Список литературы.***


1. Кыргыз Республикасынын региондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Улуттук стат. Комитет. Бишкек. 2020 Элетрондук ресурс. http://www.stat.kg/kg/publications/socialno-ekkonomicheskoe-razvitie-regionov-kyrgyzskoj-respubliki/
2. https://www.esep.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1866:2020-zhyldagy-otchet&catid=103&lang=kg&Itemid=214
3. https://www.esep.kg/images/docs/2021/godovoi_otchet_2020_RU1.pdf


***Рецензент: Долотбакова А.К.*** *– кандидат экономических наку, доцент Института экономики НАН КР*